«МАКУЛДАШЫЛДЫ»
Ош мамлекеттик университетинин
ректору профессор ______________ Кожобеков К.Г.
"__" ____________ 20__-жыл

«БЕКИТЕМИН»
"Кыргыз-Ата" мамлекеттик
жаратылыш паркынын директору
______________ Мурзаматов К.
"21" 05 202 1- жыл

**Ош мамлекеттик университетинин зоология жана жалпы экология кафедрасы менен «Кыргыз-Ата» мамлекеттик жаратылыш паркынын ортосунда илимий изилдөө иштерин уюштуруу боюнча**

**№ 92 КЕЛИШИМ**

Ош шаары «21» 05 2021-жыл

Ош мамлекеттик университетинин зоология жана жалпы экология кафедрасынын доценти, б.и.к. Абдыкааров Абдиманнап Момунович (экспедициянын жетекчиси), мындан ары «Ош МУнун зоология жана жалпы экология кафедрасы» Ош МУнун Уставынын негизинде жана «Кыргыз-Ата» мамлекеттик жаратылыш паркынын директору Мурзаматов К., мындан ары «Кыргыз-Ата» мамлекеттик жаратылыш парккы парктын аймагында илимий иштерди жүргүзүү боюнча «жобонун» негизинде Ош мамлекеттик университетинин "зоология жана жалпы экология" кафедрасынын профессор-окутуучулары, ОшМУнун Табият таануу жана география факультетинин студенттери «Кыргыз-Ата» мамлекеттик жаратылыш паркынын илимий кызматкерлери менен биргеликтеги илимий комплекстик изилдөө экспедициясын уюштуруу боюнча талаптарга ылайык төмөндөгү **КЕЛИШИМ** түзүлдү.

## I. Келишимдин предметтери:

1.1. Парктын аймагындагы омурткалуу жаныбарлардын түрдүк курамын аныктоо аркылуу аларга инвентаризация жүргүзүү;

1.2. Кездешкен омурткалуу жаныбарларга сандык анализ жүргүзүү;

1.3. Жыйналган материалдардын негизинде илимий макалаларды жарыкка чыгаруу;

1.4. Экспедиция учурунда илимий изилдөө иштери төмөндөгү багыттар аркылуу жүргүзүлөт:

*Териология*;
*Орнитология*;
*Батрахо-герпетология*;
*Ихтиология*

1.5. Экпедициянын маршруттары боюнча ар кандай ландшафттарды, жаныбарлардын түрлөрүн, алардын жүрүм-турумдары боюнча изилдөөлөрдү уюштуруу.

**II. “Кыргыз-Ата” мамлекеттик жаратылыш паркы милдеттенет:**

2.1. Зоология жана жалпы экология кафедрасынын профессор-окутуучуларынын жана ОшМУнун табият таануу жана география факультетинин “биология” адистигинин студенттеринин отурукташуусу үчүн орундук ажыратып берүү;

2.2. Изилдөө жүргүзүлүүчү маршруттук линияларды аныктап берүү;

2.3. Парктын физикалык-географиялык мүнөздөмөсү (капчыгайлардын, дарыялардын аталыштары, климаты, картасы ж.б.) менен тааныштыруу;

2.4. Парктын илимий отчеттору жана летописи менен таанышууга мүмкүндүк берүү;

2.5. Экспедициянын катышуучуларынын коопсуздугун көзөмөлдөө.

**III. Ош МУ нун зоология жана жалпы экология кафедрасы милдеттенет:**

3.1. «Кыргыз-Ата» мамлекеттик жаратылыш паркына зоологиялык комплекстик илимий изилдөө экспедициясын уюштуруунун планын сунуштайт;

3.2. Палатка жана түнөөчү төшөнчүлөрдү камсыздайт;

3.3. Талаа шартында топтолгон материалдарга биринчилик биологиялык анализ жасоого керектүү талаа лабораториялык каражаттарын («Геро» тибиндеги капкан, капкан, бюкс, формалин, спирт, скальпель, кайчы, майда сүт эмүүчүлөр үчүн мүшөк, вата, бинт, тараза, дүрбү, сачок) камсыздайт.

3.4. Жыйналган материалдар боюнча толук экологиялык-зоологиялык комплекстик изилдөөлөр жүргүзүлөт. Изилденүүчү объектилер боюнча илимий изилдөө иштерин алып баруу Ош МУнун зоология жана жалпы экология кафедрасынын төмөнкү окумуштуулары изилдөө жүргүзүшөт:

Абдыкааров А.М., зоология жана экология кафедрасынын башчысы, б.и.к, доцент;

Абжамилов С.Т., зоология жана экология кафедрасынын доценти, б.и.к, доцент;

Стамалиев К.Ы., зоология жана экология кафедрасынын доценти, б.и.к, доцент;

Атабеков У.А., зоология жана экология кафедрасынын доценти, б.и.к, доцент;

Айдаралиев Э.К., зоология жана экология кафедрасынын ага окутуучусу;

Кубаныч уулу Жумабек, зоология жана экология кафедрасынын лаборанты, таксидермист.

3.5. Териология, орнитология, герпетология, батрахология, ихтиология багыттары боюнча жыйналган материалдардын жыйынтыгы боюнча илимий макалалар жазылып, Эл Аралык жана республикалык деңгээлдеги илимий журналдарына («Ош МУнун жарчысы», Жусуп Баласагын атындагы КУУнун жарчысы, КРнын УИА биология жана топурак таануу институтунун жарчысы ж.б.) жарыкка чыгаруу зоология жана жалпы

экология кафедрасынын жогоруда көрсөтүлгөн окумуштуу адистерине милдеттендирилет;

3.6. Ош МУ “Кыргыз-Ата” мамлекеттик жаратылыш паркынын илимий кызматкерлерин ОшМУнун базасындагы илимий адабияттар жана илимий макалалардын жыйнагы менен камсыздайт;

3.7. Ош МУ жүргүзүлгөн илимий экспедициялардын натыйжасында даярдалган илимий эмгектердин жыйнагынын (отчетунун) бир нускасын “Кыргыз-Ата” мамлекеттик жаратылыш паркына калтырууга милдеттенет.

## IV. Тараптардын келишимди аткаруудагы жоопкерчилиги:

4.1. Тараптар Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодексинин негизинде экспедиция уюштуруу боюнча коюлган бардык милдеттерди аткарууга жооптуу;

4.2. Тараптардын ортосундагы келишим боюнча талаштар тийиштүү мыйзамдардын негизинде чечилет;

4.3. Келишим бир тараптан Ош МУнун зоология жана экология кафедрасынын башчысы, экинчи тараптан «Кыргыз-Ата» мамлекеттик жаратылыш паркынын жетекчиси кол койгондон кийин өз күчүнө ээ болот.

Келишимдин мөөнөтү 2026 - жылдын 31-декабрына чейин созулат.

*Келишим эки нускада түзүлүп, бири Ош МУнун зоология жана жалпы экология кафедрасында, экинчиси «Кыргыз-Ата» мамлекеттик жаратылыш паркында сакталат.*

Тараптардын юридикалык даректери:

| “АТКАРУУЧУ” | “БУЙРУТМА БЕРҮҮЧҮ” |
|---|---|
| *Ош шаары, Н.Исанов көчөсү, 77* | *Ош областы, Ноокат району,* |
| *Тел: +996 (773)(0557) 20 55 12* | *Ноокат шаары* 0550 727 225 |
| *Биология илимдеринин кандидаты,* | *Тел: +996 (777) 25 62 92* |
| *ОшМУнун зоология жана жалпы* | *«Кыргыз-Ата» мамлекеттик* |
| *экология кафедрасынын башчысы* | *жаратылыш паркынын директору* |
| ____________ **Абдыкапаров А.М.** | ____________ **Мурзаматов К.** |
| «17» ____05____ 2021 ж. | «21» ____05____ 202__ ж. |

ДЕКАНАТ